Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министирлиги.

Ош гуманитардык–педагогикалык иниституту

Мадраимов С., Аттокурова А., Закиров Н., Култаев Г.,
Тагаева Д., Арынбаев Э.

Математика боюнча олимпиалалык маселелер жана алардын чыгарылыштары.

(Орто мектептин математика мугалимдерине усулдук колдонмо)





Ош-2013.

У Д К

Б Б К

Релензениттер: ОшГУнун доценти, ф.-м.и.к. У.Сопуев,

ОГПИнин жогорку математиканы окутуунун усулу кафедрасынын ага окутуучусу Ж.Алиева

Мадираимов Сапарбек, Аттокурова Анара, Закиров Низаминдин,Култаева Г, Тагаева Дамира, Арынбаев Эралы.

Математика боюнча олимпиадалык маселелер жана алардын чыгарылыштары (орто мектептин математика мугалимдерине усулдук колдонмо)

Бул усулдук колдонмо көптөгөн математика мугалимдеринин суроо-талаптарынын негизинде жазылды.

Усулдук колдонмо илимий билимдерди жайылтуу жана окуучулардын илимий ишмердикке дилгирлигин арттыруу ,ошондой эле зээндүү окуучуларды табуу, алардын интелектуалдуу өнугүүсүнө жана кесиптик багыт алуусуна алгылыктуу шарттарды түзүү максатын көздөгөн билим берүү процессин бардык катышуучуларына арналат.

Математика боюнча олимпиадаларга ийгиликтуу даярдоо үчүн мугалимдерге жана мектеп жетекчилерине усулдук колдонмо   китеп жардам берет деп ойлойбуз.

Ош гуманитардык-педагогикалык институтунун
Окмуштуулар кеңешин 20-декабр, 2013-жылдагы
Чечими менен басууга сунушталат.

Киришүү.

§1. Кыргызстандагы математикалык олимпиада кыймылынын тарыхы.
§2. 5-9-класстардын математикасы боюнча олимпиадалык маселелер жана   алардын   чыгарылыштары.
§3 10-11-класстардын математикасы боюнча олипиадалык маселелер жана   алардын   чыгарылыштары.
§4 Өз алдынча иштөө үчүн олимпиадалык маселелер.
Пайдаланылган адабияттар.

КИРИШУУ

Сунуш кылынып жаткан «Математика боюнча олимпиадалык маслелер боюнча усулдук колдонмосу» республикалык жана эл аралык олимпиадалардын материалдарын пайдалануу менен, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин ченемдик документтеринин негизинде даярдалды.

Бул усулдук колдонмону тузүү максаты - окуучулардын республикалык олимпиадасынын бардык этаптарын даярдап өткөрүү процессине тартылган жалпы билим берүү уюмдардын жетекчилерин, мектеп мугалимдерин, кошумча билим берүү боюнча педагогдорду керектүү маалымат менен камсыз кылуу. Бул басылмада математикалык багыт боюнча материалдар берилген.

Усулдук колдонмо илимий билимдерди жайылтуу жана окуучулардын илимий ишмердикке дилгирлигин арттыруу, ошондой эле зээндуу окуучуларды табуу, алардын интеллектуалдык өнүгүүсүнө жана кесиптик багыт алуусуна эң алгылыктуу шарттарды түзүү максатын көздөгөн билим берүү процессинин бардык катышуучуларына арналат. Ал предметтик олимпиадаларга ийгиликтуу катышуу үчүн команданы даярдоону каалаган мектеп жетекчилерине жана педагогдоруна да керек болот.

Усулдук колдонмонун негизги мазмуну ченемдик-укуктук жана усулдук-программалык ченемдерди сактоо менен түзүлгөн.

Ченемдик-укуктук документтердин негизине окуучулардын республикалык олимпиадасын өткөрүү жөнүндөгү жобосунан үзүндүлөр. уюштуруучуга, калыстар тобунун мүчөсүнө, команданын катышуучусуна жана жетекчисине жалпы көрсөтмөлөр, олимпиада катышуучулары үчүн талаптар жана эскерткичтер, олимпиаданын тажрыйбалык (эксперименттик) түрүн өткөрүүдөгү коопсуздук гехникасынын эрежелери киргизилди.

Программалык-усулдук бөлүмдө маселелердин үлгүлөрү жана алардын чыгарылышы, эл аралык жана республикалык олимпиадалардын үчүичү жана төртүнчү этаптарында пайдаланылгаи тесттердин ар түрдүү типтери көрсөтүлгөн. Бирок бул көрсөтмөлөр маселелерге карата багыт берүүчү гана мүнөздө болгондуктан, мугалимдерге олимпиадалык материалдарды иайдалануунун ылайыктуу жолдорун түшүндүрөт. Мында мисалдардын болжолдуу деңгээлин, ошондой эле аларды тариздөөгө жана аткарууга коюлуучу талаптар көрсөтүлөт.

Бул колдонмодогу олимпиадалык тапшырмалардын түрү, көлөмү жана татаалдык даражалары ар түрдүү. Мугалим тиги же бул иш үчүн ар бир тема боюнча ылайыктуу материалды тандап, аны бүт бойдон же айрым бөлүктөрүн колдонсо болот.

Усулдук колдонмо 4 бөлүмдөн турат. Ар бир бөлүмдө мурункусунда баяндалган маалыматтар пайдаланылат.

Бул колдонмону тузууте окумуштуулар, педагог практиктер, мектептердин жана кошумча билим берүү уюмдарынынын жетекчилери, ошондой эле билим берүү бөлүмдөрүнүн адистери катышты.

Математика багыты боюнча олимпиадалык маселелерди тандоодо М.Алтыбаева ж.б. «математика боюнча олимпиадалык маселелер» Ош 2002, И.Бекбоев ж.б. «геометрия курсунун жаңы окуу китебиндеги «татаалырак» маселелердин чыгарылыштары» Бишкек – 2001, Г.А.Галөперин, А.К.Толпыгонун «Московские математические олимпиады » М.1986, «Республиканская олимпиада школөников по математике за 2003-2012» Бишкек 2012 аттуу китептерди пайдаландык.

Авторлор жамааты бул колдонмо жалпы эле педагогдорду кызыктырат деп ишенет жана бардык сын пикирлер, сунуштар үчүн алдын ала ыраазылык билдирет.

Ош шары 714018

Н.Исанов көчөсү 73

Ош гуманитардык-

Педагогикалык институту

1§. Кыргызстандагы олимпиада кыймылынын тарыхынан

Салттуу экзамендерге алөтернатива катары так илимдер боюнча мелдештерди уюштуруу идеясы 1894-жылы Венгрияда математика боюнча олимпиада өткөрүлгөндө пайда болгон.

Андан кийин мындай мелдештер башка предметтер боюнча да уюштурулган. Алгач алар жергиликтуу, б.а. расмий эмес түрдө өткөрүлгөн, кийин улуттук (жалпы мамлекеттик), акырында катышуучу өлкөлөрдүн саны көбөйүп, эл аралык олимпиадага айланган. Кээ бир предметтер боюнча регионалдык мамлекеттер аралык олимпиадалар да өткөрүлө баштаган.

Азыркы мезгилде жогорку класс окуучуларынын так илимдер боюнча төмөнкүдөй эл аралык олимпиадалары өткөрүлөт:

- ▪ эл аралык математикалык олимпиада (ЭМО, 1959-жылдан бери);
- ▪ эл аралык физикалык олимпиада (ЭФО, 1967-жылдан бери);
- ▪ эл аралык химиялык олимпиада (ЭХО, 1968-жылдан бери);
- ▪ эл аралык информатика боюнча олимпиада (ЭИ О, 1989-жылдан бери);
- ▪ эл аралык биологиялык олимпиада (ЭБО, 1990-жылдан бери).

Кыргызстанда математика боюнча Республикалык олимпиада 1962-жылы өткөрүлгөн. Кыргызстандын командалары Бүткүл союздук олимпиадаларга 1964- жылдан баштап катыша баштаган.

Математика боюнча XXI Бүткүл союздук олимпиада 1987- жылы Кыргызстанда өткөрүлгөн. Эл аралык математикалык олимпиадага Кыргызстандын командасы 2000- жылдан бери катышып 2003- жылга чейин 1 коло, 2003- жылы Японияда 2 коло, 2004- жылы Грецияда 1 коло, 2005- жылы Мексикада 2 коло, 20007- жылы Вөетнамда 1 коло, 2009- жылы Германияда 3 Ардак грамота, 2010- жылы Казакстанда 1 күмүш жана 1 коло медалга ээ болушкан.

Ош областтык олимпиадалардын жеңүүчүлөрү республикалык, андан ары союздук, эл аралык олимпиадаларга чейин катышып, алдыңкы орундарды ээлеп, сыймыкка ээ болуп жүрүшөт. Эл аралык олимпиадаларга

катышуучулардын атап кетсек, Ош шарындагы № 28 лицей мектебинин окуучулары Токсобаев Н (1992-ж, Новосибирский шаары) Алиев К.(1992-ж, Турция, Стамбул шаары) Мадышев С., (1994-ж, Гонканг). Ош шаарындагы Бөкөнбаев атындагы мектептин окуучусу Ташөбаев У. (№1994-ж, Гонкана) Ош шаарындагы №3 мектептин окуучусу Абдувалиев М., (1999-ж, Гумыния, Бухарест шары 2000-ж, Түштүк Корея, Сеул шаары). «Сема» Кыргыз –Түрк лицейинин окуучусу Субанов М (2000-ж, Түштүк Корея, Сеул шаары) ж.б.
Математикалык олимпиадалардын негизги максаты:

1. Окуучулардын математика предметине болгон кызыгуусун арттыруу, (зээндүү, шыктууокуучуларды табу,);
2. Зээндүү шыктуу окуучуларды табу;
3. Математика боюнча класстан, мектептен тышкары иштерге катыштыруу;
4. Математика боюнча окумуштууларды жана адистерди мындай окуучулар менен иштөөгө тартуу;
5. Таланттуу окуучулар менен иштөөнү стимулдаштыруу ж.б.у.с.

Кыргызстанда математика боюнча биринчи республикалык олимпиада 1962-жылы өткөрүлгөн. Кыргызстандын командалары Бүткүл союздук олимпиадаларга 1964-жылдан бери катыша башташкан.

Олимпиаданын максаты - көп тапшырма аткаруу эмес, көп упай топтоо. Ошондуктан олимпиаданын катышуучусу:

- эң жеңил тапшырмадан баштоосу керек;

- маселени толук чыгара албай калган учурда, билгенин кылдаттык менен жазып чыгып бир нече упай алса болот;

- өзүнө жаккан тапшырмасын кеңири чечмелөөгө убактысын жана дараметин коротпой, кийинки тапшырмаларга өтө бергени оң.

Олимпиада үчүн интеллектуалдык гана эмес, дене тарбиялык жана психологиялык да даярдык керек.

Математика боюнча олимпиаданын катышуучусуна

Эстеткич

1. Сиз геометриялык жана канцелярдык куралдарга: көк стержендүү эки ручкага, карандашка, сызгычка, өчүргүчкө, транспортирге, бурчтукка ээ болууга тийишсиз.
2. Өз кагаздарыңызды алып келүүгө тыюу салынат. Бардык зарыл кагаздар катышуучуларга олимпиаданы уюштуруучулар тарабынан берилет.
3. Маселелердин чыгарылыштарын кыргыз же орус тилдеринде жазса болот. Калыстар тобунун төрагасы менен макулдашылган учурда жумушту англис тилинде жазууга мүмкүнчүлүк берилет.
4. Сиз маселелердин шарттарына тиешелүү бардык суроолорду жазма түрүндө гана, алгачкы 30 мүнөттүн ичинде бере аласыз. Суроо «Мага шарты түшүнүксүз» тибинде болбостон, айкын болууга тийиш жана жооп баарына жарыяланат.

Эгерде сиз маселени толук чыгара албасаңыз, анда анын жарым-жартылай чыгарылышын жазышыңыз мүмкүн, бирок жооп бардык учурларда туура болууга тийиш, антпесе калыстар тобу мындай жумуш үчүн 0 балл коюшу мүмкүн.

Маселен:

$(x_1^2 + x_2^2 + ... + x_n^2 + 15 \backslash 2)$ туюнтмасынын минималдык маанисин табууда (5 упай)

«Мен n=1 болгондо гана чыгара алдым; жооп $\frac{15}{2}$», «бул туюнтма ар дайым оң» жооптору үчүн сиз 1 упай алышыңыз мүмкүн. Бирок, «7» жообу үчүн сиз 0 упай аласыз.

5. Сиз таза жазууларды гана тапшырууга тийишсиз, анткени черновиктер кабыл алынбайт
6. Жумуштарды текшерүүнүн алдын ала натыйжалары «№… маселеде далилдөө талап кылынат» эскертме менен илип коюлат.

Эгерде сиздин ишиңизде мындай эскертмелер жазылган болсо, анда токтоосуз калыстар тобунун алдында жарым сааттын ичинде жооптун далилдерин жазып беришиңиз керек. Бул жазылгандар калыстар тобунун төрагасынын «эсепке алынды /эсепке алынбады" белгилөөсү менен бирге жумушка тиркелет. Катышуучу келбей калса же «эсепке алынбады» белгиси коюлса, маселе үчүн упай калыстар тобунун ыктыяры боюнча төмөндөтүлөт.

7. Алдын ала натыйжалар илингенден кийин сиз жарым сааттын ичинде аппелляцияга берүү укугуна ээсиз. Проблемалуу маселенин чыгарылышын биргелешип талдоо жасагандан кийин сиз калыстар тобунун айткан упайлары менен макул болбосоңуз апелляциялык баракчага кол койбоого укуктуусуз.

Биздин олимпиадалык маселелердин кичинекей жыйнагы класс боюнча бөлүнүп, окуучулардын жаштык өзгөчөлүгү жана окуу программасынын көлөмү эске алынды. Жыйнактын акырында жооптор жана көмөкчү болуучу көргөзмөлөр сунуш кылынат. Жооптор жана көргөзмөлөр бөлүгүндө толук чыгарылышы берилбестен, ал маселени чыгаруу үчүн пайдаланылуучу теоремалар жана касиеттер берилет. Ал эми бул болсо бир аз эмгек кылуу менен өз эмгегин баалоого түрткү берет деген ойдобуз.

Олимпиадага катышуучулардын жетекчилери жана катышуучулар менен аңгемелешүүдо, алардын көпчүлүгү, кыргыз тилинде олимпиада боюнча материалдын жетишсиздиги жөнүндөгү ойлорун айтышат. Ошол себептен бул кичинекей жыйнагыбыз окуучулардын муктаждыгына жарап калаар деген ойдобуз.

2§. 5-9-класстардын математикасы боюнча олимпиадалык маселелер жана алардын чыгарылыштары

5-КЛАСС

1. Катер дарыянын агымы боюнча саатына 14,5 км ылдамдыкта, ал эми дарыянын агымына каршы саатына 9,5 км ылдамдыкта бара жатат. Катердин өз ылдамдыгын жана дарыянын агымынын ылдамдыгын тапкыла.
2. Бир сан экинчисинен 0,7ге кичине жана анын 0,75ин түзөт. Бул санды тапкыла.
3. Биринчи жана экинчи участок биригип бардык аянт 92 гектардын 0,75ин түзөт, экинчи участок биринчи участоктон 15 гектарга ашык. Ар бир участоктун аянтын тапкыла.

   Чыгарылышы: Биринчи участоктун аянтын x деп алып төмөнкүгө ээ болобуз:

   $x+(x+15)=92\cdot0,75=69$

4. 8ге калдыксыз бөлүнүүчү эки орундуу сандардын көптүгү жана 9га калдыксыз бөлүнүүчү эки орундуу сандардын көптүгү бирдей санда болушабы?

   Чыгарылышы: 8ге жана 9га калдыксыз бөлүнө турган эң чоң эки орундуу сандарды 8 менен 9га эселүү болгон сандарды табабыз.

   99:9=11, 11-1=10 жана 96:8=12, 12-1=11

   Көптүктөр бирдей санда эмес экен.

5. Бир канча чака бензин бочкада сакталып турат. 9 литрдик жана 5 литрдик бидондордун жардамы менен андан 6л бензинди кантип куюп алууга болот?

Чыгарылышы: $5\cdot3-9=6$

Чыгарылышы: Кичине бурч x, ага жандаш бурч $x+40^\circ$. Тендеме түзөбүз.

$$x+x+40^0=180^\circ$$

6. Кең бурчтун биссектрисасы аны эки тар бурчка бөлөрүн далилдегиле

Чыгарылышы: Кең бурчтун аныктоосунан $90^\circ < x < 180^\circ$ барабарсыздыгын алабыз.

7. Эгерде кошулуучулардын бирин эки эселентсек, анда бул сумма кошулуучуга барабар болгон санга чоңое тургандыгын далилдегиле?

Чыгарылышы: Натуралдык санга көбөйтүү амалынын аныктоосун эске алгыла.

8. «Метеор» теплоходу менен катер биригип саатына 100 км аралыкты өтөт. «Метеор» катерге караганда саатына 3 эсе ашык аралык өтөт. Алардын ар бири саатына канча километр өтөт?

Чыгарылышы: Тендеме түзүү керек: $x + 3 \cdot x = 100$

9. Амалдарды аткаргыла

$$\frac{\frac{3}{4} * 1.8 * 1\frac{5}{8} / 00.7}{\frac{1}{5} / 0.49 * 2\frac{5}{8}} = 21.6$$

10. 7 санына бөлгөндө калдыкта кандай сан чыкса, тийиндиде да ошондой санды берүүчү бардык сандарды тапкыла?

Чыгарылышы: Бөлүнө турган санды a деген калдык да a болсун, анда $7a + a = 8a$ болот. a саны $1,2,3,4,5,6$ манилерди кабыл алса $8,16,24,32,40$ жана 48 изделүүчү сандар.

11. Сан жети 8 цифрасынан, тогуз 1 цифрасынан жана 5 цифрасынан турат. Ал сан 9га бөлүнөбү?

Чыгарылышы: Берилген сандын цифраларынын суммасы $7 * 8 + 9 * 1 + 5 = 70$ ке барабар. 70 саны 9га бөлүнбөйт, анда табылган сан 9га бөлүнбөйт.

12. Эки орундуу санды катары менен 3 жолу жазышты (мисалы, 737373). Пайда болгон сан 3кө, 7ге, 13кө жана 37ге бөлүнөрүн далилдегиле?

Чыгарылышы: Эгерде a жана b сандарынын берилген сандын жазылышы деп алсак $1000000 + 100006 + 1000a + 10a + 1$

$b = 101010a + 101016 = 10101(10a + b)$ болсо, 10101 саны 3кө, 7ге, 13кө жана 37ге бөлүнөт.

13. Туюнтманын маанисин тапкыла?

$$\frac{1}{1*2} + \frac{1}{2*3} + \frac{1}{3*4} + ... + \frac{1}{1*20}$$

Чыгарылышы: Ар бир кошулуучуну төмөндөгүдөй түрдө

$$\frac{1}{1*2} = \frac{1}{1} - \frac{1}{2};\ \frac{1}{2*3} = \frac{1}{2} - \frac{1}{3};\quad 1 - \frac{1}{2} + \frac{1}{3} - \frac{1}{4} + \frac{1}{5} - ... + \frac{1}{19} - \frac{1}{20} = 1 - \frac{1}{20} = \frac{19}{20}$$

14. Бейшен бардык алманын $\frac{1}{3}$ин жана дагы 2 алма, Сарыгул бардык алманын $\frac{1}{4}$ин жана дагы 1 алма, ал эми Карабек, Бейшен менен Сарыгулдан калган алманын теңин жеген. Ошондон кийин да адегендеги алманын $\frac{1}{6}$ бөлүгү калган. Адегенде канча алма болгон?

Чыгарылышы: Бардык алманын санын x менен белгилейбиз.

Бейшен жеген алма $\frac{x}{3} + 2$

Сарыгул жеген алма $\frac{x}{4} + 1$

Карабек, Бейшен менен Сарыгулдан калган алманын теңин жеген $\frac{1}{3}$ин анда

$$\frac{x}{3} + 2 + \frac{x}{4} + 1 + \frac{x}{3} = x$$

15. Радиустары бирдей болгон бир канча тегеректчелер квадрат түрүндө коюлган, мында беш тегерек ашык болуп калган. Эгерде квадраттын ар бир жагын бир тегерекчеге чоңойтсок, анда 8 тегерекче жетпейт. Тегерекчелер канча болгон?

Чыгарылышы: Тендеме түзөбүз: $2x + 1 = 5 + 8$

16. Сымдан 80 тогоодон же болбосо 100 тогоодон турган чынжыр жасамак болушту. Экинчи учурдагы ар бир тогоонун салмагы 5 г га женил болуп чыкты. Сымдын массасы канчалык болгон?

Чыгарылышы:

100x=80(x+5)

100x=80x+400

20x=400

x=20

17. Аарылар тобунун бештен бир бөлүгү жасмин гүлүнө, үчтөн бири астра гүлүнө конушту. Акыркы эки сандын айырмасынын үч эселенген санындагы аарылар роза гүлүнө жөнөштү. Бир аары ары бери учуп жүрдү. Бардыгы канча аары болгонун айтып берчи.

Чыгарылышы: Аарылардын санын x менен белгилейбиз. Анда маселенин шарты боюнча

$$\frac{x}{5}+\frac{x}{3}+3\ (\frac{x}{3}-\frac{x}{5})+1=x$$

Жообу:15 аары.

18. Диофант (грек математиги) өмүрүнүн алтыдан бир бөлүгүн бала чагында, оң экиден бир бөлүгүн жигит кезинде өткөргөн, үйлөнүп өмүрүнүн жетиден бирин баласыз өткөргөндөн 5 жыл өткөндөн кийин, ал эркек балалуу болот, баласы атасынын жарым жашына келгенде өлүп калат, андан кийин Диофант 4 жыл гана жашаган. Диофант канча жашында өлгөн?

Чыгарылышы: Диофанттын жашоо мезгилин x менен белгилесек, маселенин шарты боюнча

$$\frac{x}{6}+\frac{x}{12}+5+\frac{x}{4}+4=x$$

Жообу: 84 жыл.

19. Амалдарды аткаргыла.

$$(12-11\frac{4}{9})*55{,}8-5\frac{4}{5}/(10-8{,}75)$$

Жообу: $23\frac{3}{4}$

20. Амалдарды аткаргыла: $(204{,}12/40{,}5-3{,}2*1{,}2)*6\frac{1}{2}+7/2\frac{1}{3}$

Жообу: $10\frac{4}{5}$

21. Туюнтманын маанисин тап:

$$\frac{5}{16}/0{,}125+1{,}456/\frac{7}{25}+4{,}5*\frac{4}{5}$$

Жообу: $11{,}3$

22. А көптүгү $a_n=\frac{60+n}{n}$ формуласы менен берилген, мында $n-$натуралдык сан. А көптүгүнөн бардык натуралдык A_1 сандарынын камтылган көптүгүн бөлүп алгыла. A_1 көптүгү канча элементтен турат? A_1 көптүгүнөн бардык жөнөкөй A_2 сандарынын камтылган көптүгүн бөлүп алгыла. A_2 көптүгү канча элементтен турат. $n-$дин кандай маанилеринде $a_n \in A_2$ болот?

Чыгарылышы: $a_n q_n \frac{60}{n}+1$ түрүндө көрсөтөлү.

Качан n саны 60 тын бөлүүчүсү болгондо a_n натуралдык сан болууга тийиш. 60 санынын 12 бөлүүчүсү бар. $n=3{,}4{,}12$ жана 20 болгондо а саны курама сан, ал эми $n=1{,}2{,}5{,}6{,}10{,}15{,}30$ жана 60 болгондо жөнөкөй сан болот.

23. Тендемени чыгаргыла.

$$\frac{3}{5}(2x-\frac{1}{3})=1\frac{4}{5}x+\frac{3}{10}$$

Жообу: $-\frac{5}{6}$

24. Алымы менен бөлүмүнүн суммасы 39га барабар болушу үчүн $\frac{5}{8}$ барабар бөлчөктү тапкыла.

Жообу: $-\frac{15}{24}$

25. Китептин бетин номерлеш үчүн 2775 цифра керек. Китепте канча бет бар?

Жообу: 961 бет.

26. Өзүңдүн кадамыңдын узундугу канчалык экендигин билгин. Ал үчүн рулетканын же башка өлчөгүч прибордун жардамы менен жердин бетинен кандайдыр кесиндин ченеп алгын, андан кийин ошол кесиндиге өзүңдүн

канча кадамың туура келээрин билгин жана өзүңдүн кадамыңдын орточо узундугун аныктагын.

Чыгарылышы: Кадамдын узундугун аныктоо үчүн 30 м аралыкты өлчөп алып 3 жолу кайра кадамдап көр, анда сенин кадамын 58,52 жана 56 кадам болсун. Ар бир басып өткөн кадамыңдын узундугу 52 см, 58 см жана 54 см болсун, анда ар бир кадамдын орточо арифметикалык мааниси

$\frac{52+58+54}{3}==55$ см.ге барабар болот.

27. 1964-жылы менин жашым менен туулган жылымдын цифраларынын суммасынчалык болгон. Мен канчанчы жылы туулгамын жана мен канча жаштамын?

Чыгарылышы: Туулган жылды төмөндөгүдөй кылып жазып алсак болот: $1900+10x+y$, мында x ондук жаштар y бирдик, анда $1+9+x+y$. Жаңы тендеме түзөбүз. $1900+10x+y+10+x+y=1964$ жөнөкөйлөткөндөн кийин $11x+2y=54$. Мында x сөзсүз жуп сан болуш керек. $11x$ болсо 54 кичине болгондуктан, $x=2$ же $x=4$ барабар болуш керек. Эгерде $x=4$ болсо, анда $y=5$. Мындан менин туулган жылым 1945-жыл 1+9+4+5=19 демек, 1964-жылы мага 19 жаш болгон.

28. 600 г тортту үч кишиге торт кишиге бирдей тие тургандай кылып кандайча кесүүгө болот? Мүмкүн болушунча бөлүктөрдүн аз болушуна аракеттенгиле.

Чыгарылышы: 3 бөлүк торт 150 г дан, 3 бөлүк торт 50 г дан.

29. Шаардын калкынын бир бөлүгү орус тилинде, бир бөлүгү кыргыз тилинде гана сүйлөшөт жана бир бөлүгү эки тилде тең сүйлөшөт. Калктын 85%и кыргызча, 75%и орусча сүйлөшөт. Калктын канча проценти эки тилде тең сүйлөшөт?

Чыгаруу:

Калктын 15%и орусча сүйлөйт

$100-85=15$

Ал эми калктын 60%и 2 тилде

$75-15=60$

30. Жылдызчалар менен алмаштырылган цифралардын ордуна койгула.

$$\begin{array}{r} **5 \\ 1** \\ \hline 2**5 \end{array}$$

$$\begin{array}{r} 13*0 \\ *** \\ \hline 4*77* \end{array}$$

Чыгаруу:

$$\begin{array}{r} 325 \\ 147 \\ \hline 2275 \end{array}$$

$$\begin{array}{r} 1300 \\ 325 \\ \hline 47775 \end{array}$$

31. Айылдагы магазин жол киресине кошулган 5%ти кошо эсептегенде кездеменин метрин 210 сомдон сатты. Жол киресин кошпогондо ал кездеменин бир метри канча сомдон болгон?

Чыгарылышы:

Кездеменин өз баасын 100% десек, жол киресин кошо эсептегенде канча процент болот?

$100\%+5\%=105\%$

Кездеменин өз баасы канча сом болгон?

$$\left.\begin{array}{l} 105\%-210 \\ 100\%-x \end{array}\right\} x=\frac{210*100}{105}=200$$

32. Берилген туюнтманын мааниси 23 жана 75 ке барабар болгондой кылып кашааларды койгула $7\cdot 9+12\div 3-2$

Чыгарылышы: Берилген туюнтманы ар түрдүү жол менен туюнтса болот, бирок бизге керектүү гана учурун тандап алабыз

1. $(7\cdot 9+12)\div 3-2=23$
2. $(7\cdot 9+12)\div(3-2)=75$

33. Берилген жазуулардагы жылдызчалардын ордуна сан маанилерди коюу жана кашаанын жардамы менен берилген туюнтманын мааниси 100

болгондой кылып өзгөртүп түзгүлө.

$$1\cdot 2\cdot 3\cdot 4\cdot 5$$

Чыгарылышы: 1·(2+3)·4·5=100

34. 88888888 цифраларынын ортолоруна “+” белгисин коюу менен 1000 санын алууга болот жана кандай жол менен ?

Чыгарылышы: 888+88+8+8+8=1000

35. 10 санын 4 так сандардын суммасы түрүндө кантип көрсөтүүгө - болот.

Чыгарылышы: 10=7+1+1+1, 5+3+1+1,3+3+3+1

Бардыгы болуп үч жол менен чыгарууга болот.

36. Бурчтун чондуктары 80°, 55°жана 55° болгон үч бурчтук болобу, болсо кантип түзүүгө болот?

Чыгарылышы: Эгерде үч бурчтуктун ички бурчтарынын суммасы 180° барабар болсо, үч бурчтукту түзүүгө болот.

37. Өзгөрүлмө x тин кандай натуралдык маанилеринде төмөнкү барабарсыздык туура болот?

$$414x+765\cdot 18<54\cdot 324$$

Чыгарылышы: $x < 9$

38. Берилген туюнтмалардын сан маанилерин тапкыла, аларды салыштыргыла жана барабардыкты же барабарсыздыкты түзгүлө.

5623+37·608-84·70 жана 29·146-4144:112+3469

Чыгарылышы: 22239>7656

39. Көрсөтүлгөн амалдарды аткаргыла.

$$\frac{615.09/87+1.3332/3.3}{2.55*0.54-69.483/69}=$$

Чыгарылышы: $$\frac{615.09/87+1.3332/3.3}{2.55*0.54-69.483/69}=20.2$$

6-класс

1. Көп мүчөнү эки туюнтманын квадраттарынын айырмасы түрүндө көрсөткүлө жана көбөйтүүчүлөргө ажыраткыла.

$$36-в^2-с^2+2вс$$

Чыгарылышы: $36-в^2-с^2+2вс=36-(в-с)^2=(6-в+с)(6+в-с)$

2. Үч мүчөдөн эки мүчөнүн квадратын бөлүп көрсөткүлө.

$$x^2-12x-4$$

Чыгарылышы: $x^2-12x-4=(x^2-2x6+36)-36-4=(x-6)^2-40$

3. Кайык дарыянын агымы боюнча калак менен айдап 3 сааттын ичинде канча аралыкты сүзүп өтсө, ошол эле аралыкты ал дарыянын агымына каршы 3 саат 40 мин ичинде сүзүп өтүүгө үлгүрөт. Эгерде кайыктын акпаган суудагы ылдамдыгы 5км⁄саат болсо, дарыянын агымынын ылдамдыгын тапкыла.

Чыгарылышы :

$$(5+\vartheta)*3=(5-\vartheta)*3\frac{2}{3}$$

тендемесин чыгаргандан кийин $\vartheta=\frac{1}{2}$ км⁄саат.

4. $7^{10}-7^9-7^8$ дин 41ге бөлүнө тургандыгын далилдегиле.

Чыгарылышы:

$7^{10}-7^9-7^8=7^8(7^2-7-1)=7^8*41=41*n$, мында $n=7^8$ жана $n\in N$.

5. Туюнтманы жөнөкөйлөткүлө.

$$\frac{x^3-x^2y}{x^2+y^2}*\frac{x^3y+xy^3}{x^4y}$$

Чыгарылышы:

$$\frac{x^3-x^2y}{x^2+y^2}\ \frac{x^2y+xy^3}{x^4y}=\frac{x^3(x-y)xy(x^2+y^2)}{(x^2+y^2)x^4y}=\frac{x-y}{x}$$

6. Бирден чоң n дин бир дагы натуралдык маанисинде n^2+4 туюнтмасынын мааниси жөнөкөй сан болушу мүмкүн эместигин далилдегиле.

Чыгарылышы:

$n^4+4=(n^4+4n^2+4)-4n^2=(n^2+2)^2-4n^2=(n^2+2-2n)(n^2+2+2n)$.

Мында n€N жана n>1 болсо n^2+2-2n жана n^2+2+2n чондуктарынын маанилери бирден чоӊ болгон натуралдык сан болот. Анда экөөнүн көбөйтүндүсү жөнөкөй сан болушу мүмкүн эмес.

7. $3^{n+2}-2^{n+2}+3^n-2^n$ туюнтмасынын мааниси каалаган n үчүн 10го бөлүнөрүн далилдегиле.

Чыгарылышы:

$$3^{n+2}-2^{n+2}+3^n-2^n=3^n(3^2+1)-2^n(2^2+1)=3^n10-2^n=3^n10-2^{n-1}5=10(3^n-2^{n-1}).$$

3^n-2^{n-1}, n€N маанисинде натуралдык сан болгондуктан 10 го бөлүнөт.

8. Кайсынысы чоӊ $\frac{10^{10}+1}{10^{11}+1}$ би же $\frac{10^{11}+1}{10^{12}+1}$ би?

Чыгарылышы:

Бөлчөктөрдү барабарлаш үчүн жалпы орток бөлүмгө келтиребиз:

$$\frac{10^{10}+1}{10^{11}+1}=\frac{10^{22}+10^{10}+10^{12}+1}{(10^{11}+1)(10^{12}+1)}$$

$$\frac{10^{11}+1}{10^{12}+1}=\frac{10^{12}+2*10^{11}+1}{(10^{11}+1)(10^{12}+1)}$$

Мындан $10^{12}+10^{10}=10^{10}(10^2+1)=10^{10}*101$, $2*10^{11}=20*10^{10}$ демек,

$10^{12}+10^{10}\rangle 2*10^{11}$

Демек, биринчи бөлчөк экинчи бөлчөктөн чоӊ болот.

9. Эгерде ойлонулган эки орундуу санды анын цифраларынын суммасына бөлсөк, анда тийинди 4кө, калдык 3кө барабар болот. Эгерде ойлонулган сандан анын эки эселенген цифраларынын суммасын кемитсек, анда 25 келип чыгат. Кандай сан ойлонулган?

Чыгарылышы:

Эгерде ойлонулган эки орундуу санды x, ал эми бир орундуу санды y десек, анда $10x+y=3+(x+y)y$ кыскарткандан кийин $2x-y=1$ болот. Маселенин экинчи шарты боюнча $(10x+y)-2(x+y)=25$, б.а. $8x-y=25$

Мындан $\begin{cases} 2x - y = 1 \\ 8x - y = 25 \end{cases}$ системаны чыгаргандан кийин $x = 4$, $y = 7$.

10. Аралыгы 37 км болгон А дан Вга 7 саат 18 минутада жана 7 саат 48 минутада В дан А ны көздөй чыккан велосипедист биринчи автобусту 7 саат 28 минутада, ал эми экинчисин 8 саат 19 минутада жолуктурган. Велосипедисттин жана автобустардын ылдамдыктарын тапкыла.

Чыгарылышы: Маселенин шарты боюнча автобустун ылдамдыгын х км⁄саат, велосипеддин ылдамдыгын у км⁄саат деп теңдеме түзөбүз

$$\begin{cases} \frac{2}{3}x + \frac{1}{2}y = 37 \\ \frac{31}{60}x + \frac{51}{60}y = 37 \end{cases}$$

11. Мотоциклист А пунктунан В пунктуна карай чыкты. Эгерде ал 35 км⁄саат ылдамдык менен жүрсө, Вга белгиленген мөөнөттөн 2 саат кеч келет. Эгерде 50 км⁄саат ылдамдык менен жүрсө, Вга белгиленген мөөнөттөн 1 саат эрте келет. А дан В га чейинки аралыкты мотоциклист канча убакытта өтүүнү белгилеген?

Чыгарылышы: Тендеме түзөбүз

$$35(t+2) = 50(t-1), \text{ мындан } t = 8$$

12.Метрону курууда жер алдындагы сууну соордуруп чыгаруу үчүн эки насос орнотулган. Бир насос менен 2 саат, ал эми экинчиси менен 3 саат иштегенде 102м^3 суу сордурулуп чыгарылган, ал эми биринчи насос менен 1 саат, экинчиси менен саат иштегенде 69м^3 суу сордурулуп чыгарылган. Ар бир насос менен саатына канча кубометр суу сордуруп чыгарышкан?

13. Периметри 12 см.ге барабар болгон үч бурчтуктун ар бир жагын конгруенттүү 4 кесиндиге бөлүштү да бөлүү чекиттерин төмөндөгү сүрөттө көрсөтүлгөндөй кылып бириктиришти. Бардык ушул кесиндилердин узундуктарынын суммасын тапкыла.

14. А чекитинен а аралыкта жана В чекитинен в аралыкта турган чекиттерди түзгүлө. Бул маселеде дайыма эле чыгарылышка ээ болобу?

Чыгарылышы: эгерде а+в$\geq$ АВ болгон учурда гана маселе чыгарылышка ээ болот.

15. Үч бурчтуктун бурчтарынын чондуктары төмөнкү сандарга

а) 1:2:3 б)3:7:8 в)1:1:3 пропорциялуу боло алышабы?

Чыгарылышы: а) 30, 60, 90; б) 30, 70, 80; в) 36, 36, 108 градус болот.

16.Томпок көп бурчтуктун ички бурчтарынын суммасы.

а) 9180^0; б) 3600^0; в) 1101 га барабар боло алабы?

Чыгарылышы : Маселени төмөнкү теңдеменин жардамы менен чыгаргыла

$$\frac{2d(n-2)}{n} = a$$

17. Эгерде төрт бурчтуктун бурчтары 1,2,3 жана 4 сандарына пропорциялаш экендиги белгилүү болсо, ал бурчтардын чондугун тапкыла?

Чыгарылышы : Төрт бурчтуктун бурчунун чоңдугун х менен белгилесек, анда калган бурчтардын чоңдуктары 2х, 3х, 4х болот. Бардык бурчтардын суммасы 360 градуска барабарлап алабыз.

18. Параллелограмм,өзүнүн диагоналдарынын бири аркылуу, ар биринин периметри 6 см болгон эки үч бурчтукка бөлүнөт. Эгерде параллелограммдын периметри 7 см.ге барабар болсо, ушул диагоналдын узундугун эсептегиле.

Чыгарылышы: Параллелограммдын жактарын а жана в, ал эми диагоналын d десек, анда а+в+d=6. Маселенин шарты боюнча 2(а+в)=7, мындан а+в=3,5 жана d=2,5.

19. Берилген төрт бурчтуктун диагоналдарынын узундуктары жана чокулары берилген төрт бурчтуктун жактарынын ортолору болгон төрт бурчтуктун периметрин тапкыла.

Чыгарылышы: Төрт бурчтуктун периметри m+n болот.

7-класс

1. Биринчи эки цифрасы жана кийинки эки цифралары бирдей болгон кандайдыр бир сандын так квадраты болгон төрт орундуу санды тапкыла.

Жообу: $\overline{xxyy} = \left(\overline{ab}\right)^2$

$$\overline{xxyy} = 11\overline{xoy}$$

$$11\overline{xoy} = \left(\overline{ab}\right)^2$$

$\left(\overline{ab}\right)^2$ саны 11ге бөлүнөт, анда $\overline{ab}$ да 11ге бөлүнөт, мындан $a = b$, б.а $\overline{ab} = 11c$;

$\overline{xoy} = 11c^2$

$c^2 = \overline{mn}$ демек, $m + n = 10$. Ошентип изилденүүчү сан 7744, анткени 704=64•11

704=8^2•11

2. AB кесиндиси жана аны кесип өтүүчү MN түз сызыгы берилди. Үч бурчтуктун бурчун тен экиге бөлгөндөй кылып ABC үч бурчтугун түзгүлө?

Көрсөтмө: Октук симметриялуу өзгөртүп түзүүнү пайдалангыла

3. Каалаган түрдөгү беш бурчтуктун бардык диагоналдары жүргүзүлгөн. Пайда болгон жылдызчанын чокуларындагы бурчтардын суммасы 2d га барабар экендигин далилдегиле

Көрсөтмө: Бөлүнүүчүлүктүн касиетин пайдалануу менен далилденет.

4. $|x| = x^2 - 2x - 8$ тендемесин график жолу менен чыгаргыла

Көрсөтмө: $ó = |õ|$, $ó = x^2 - 2x - 8$ функциялардын графиктерин түзүү керек. Андан ары чыгарылышы белгилүү болот.

5. Негизине жүргүзүлгөн бийиктиги жана ичтен сызылган айлананын радиусу боюнча тең капталдуу үч бурчтукту түзгүлө?

Көрсөтмө: Жаныманын касиеттеринин негизинде түзүүгө болот.

6. Атасы баласына мындай деди: "10 жыл мурда 10 эсе, ал эми 22 жылдан кийин 2 эсе улуу болом". Азыр атасы жана баласы канча жашта?

Жообу: $x = 50 \quad y = 14$

7. Берилген кесинди, берилген бурчтун жактарынан барабар кесиндилерди кесип өткөндөй кылып бурчтун ичине берилген кесиндини жайлаштыргыла?

Көрсөтмө: Параллелө көчүрүү менен окту симметриялуу өзгөртүп түзүүнү колдонуу керек.

8. n дин ар кандай натуралдык маанисинде $n^5 - 5n^3 + 4n$ туюнтмасы 120га бөлүнөрүн далилдегиле

Көрсөтмө: Көбөйтүүчүлөргө ажыраткыла же математикалык индукция принцибин пайдалангыла.

9. Арасындагы аралыктар бири-бирине барабар болгондой кылып, берилген үч чекит аркылуу үч түз сызык жүргүзгүлө?

Көрсөтмө: Симметриялуу өзгөртүп түзүүнү колдонгула.

10. Кандайдыр бир кишинин жашы 1980-жылы анын туулган жылынын цифраларынын суммасына барабар болот. Ал киши кайсы жылы туулган?

Чыгарылышы: $x = 6 \quad y = 2$, башкача айтканда1962-жылы туулган.

11. Эгерде эки бүтүн сандардын квадраттарынын суммасы үчкө бөлүнсө, анда алардын ар бири дагы үчкө бөлүнөрүн далилдегиле.

Көрсөтмө: Көбөйтүүчүлөргө ажыратуу же математикалык индукция методу пайдаланылып чыгарылат.

12. Окуучу өзүнүн дептеринин беттерин номерлеп чыгууну чечти. Ал үчүн дептердин бир гана беттерине так сандарды (1,3,5,…, ж.б.) коюп чыгууну чечти. Бардыгы 104 цифра жазып чыкты. Дептердин канча бети болгон жана 7 санын канча жолу жазган?

Жообу: 53 барак, 7 цифрасы 11 жолу учурайт.

13 Эки ящикте 43,25 кг шекер болгон. Биринчи ящиктен экинчи ящикке 4,75 кг салыштырганда биринчи ящикте экинчи ящиктегинин 0,76 сы калды. Баштапкы учурда ар бир ящикте канча шекер болгон?

Жообу: $\begin{cases} x - 4.35 = y(1 + \dfrac{0.75}{y})0.75 \\ x + y = 43.25 \end{cases}$

14. Кандайдыр бир 4 орундуу сандан анын тескери тартибинде (цифраларынын) жазылганын кемиткен. Анда 1008 саны келип чыгышы мүмкүнбү?

Жообу: Болот, анткени 1008 саны 9 га бөлүнөт.

15. Эки бүтүн оң сандардын көбөйтүндүсү ал сандардын ЭЧЖБсү менен ЭКЖЭсүнүн көбөйтүндүсүнө барабар экендигин далилдегиле.

Жообу: $D(M,N)=d,\quad K(M,N)=Q$

$$K(M,N)=\frac{MN}{D(M,N)};\quad Q=\frac{MN}{d}$$

16. К-бүтүн сан. K^2 санын 4кө бөлөбүз. Кандай калдыктар калышы мүмкүн?

Жообу: К>4 болсо, ал сандар 4К+1, 4К+2, 4К+3 болот. k^2 саны 1 жана 0 калдыкты берет.

17. Ар кандай төрт бурчтуктун жактарынын ортолору кандайдыр бир параллелограммдын чокулары экендигин далилдегиле.

Көрсөтмө: Үч бурчтуктун орто сызыгынын касиеттерин пайдалануу керек.

18. $xy=x+y$ тендемесинин бардык бүтүн чечимдерин тапкыла жана башка чечимдеринин болбостугун көрсөткүлө.

Жообу: (2,2)

8-класс

1. Эгерде $a+b+c=0$ болсо, $a^3+b^3+c^3=3abc$ экендигин далилдегиле.

Көрсөтмө: $a=b=-c$ дан пайдалануу керек.

2. $\frac{1}{1*2}+\frac{1}{2*3}+\frac{1}{3*4}+...+\frac{1}{(n-1)n}$ суммасын эсептегиле.

Жообу: $\frac{1}{1*2}=1-\frac{1}{2}$ $\qquad\frac{1}{2*3}=\frac{1}{2}-\frac{1}{3}$

_ _ _ _ _ _ же индукция методун пайдаланса болот.

3.Айлананын диаметриндеги М точкасы аркылуу, бул диаметр менен 45^0тук бурч түзгөн СД кесүүчүсү жүргүзүлгөн.

$|CM|^2+|ДМ|^2$ саны диаметрдеги точканын абалына көз каранды эмес экендигин далилдегиле.

4.x жана αнын кандай чыныгы маанилеринде

$\log_2 x + \log_x 2 + 2cos\alpha \leq 0$

барабарсыздыгы туура болот?

5.Аралыгы 11,5км болгон А пунктунан В пунктуна баруу үчүн эң оболу өөдөлүш менен , андан кийин түз менен , кийин ылдыйыш менен жүрүү керек. Жөө киши Адан Вга баруу үчүн 2саат 54 минут сарп кылды, ал эми Вдан Ага баруу үчүн 3саат 6 минут сарптады.

6.Эки адам сактык кассага бирдей суммадагы акча салышты. Алардын биринчиси кассадан m айдан кийин P сом, ал эми экинчиси n айдан кийин q сом алышты. Алардын ар бири кассага канча акча салышкан жана сактык касса канча проценттен төлөгөн?

7. Эгерде квадраттын жагы жана ага тең чоңдукта болгон тик бурчтуктун жагы бүтүн сандар менен туюнтулса, анда алардын периметрлеринин катышы бүтүн туюнтулбастыгын далилдегиле

8. Эки карама-каршы жактары, үч бурчу боюнча төрт бурчтукту түзгүлө.

9.Берилди ромб.Анын тышкы бурчтарынын биссектрисалары жүргүзүлгөн. Бул биссектрисалардын кесилишинен пайда болгон төрт бурчтуктун көрүнүшүн аныктагыла жана анын периметри ромбдун диагоналдарынын суммасынан эки эсе чоң экендигин далилдегиле.

10.Каалаган төрт бурчтукта диагоналдарынын ортолору жана карама-каршы жактарынын ортолорун туташтыруучу түз сызыктардын кесилишүү чекити бир түз сызыкта жатарын далилдегиле.

Көрсөтмө: Параллелограммдын касисетинин негзинде далилденет.

11. Радиусу R болгон айлананын ичине каптал жагы негизинен эки эсе узун болгон тең капталдуу үч бурчтук сызылган. Бул үч бурчтуктун ичине айлана сызылган. Ичтен сызылган айлананын радиусун тапкыла.

Чыгарылышы: r=$\frac{3}{8}$R

12. $\begin{cases} x^2+5y^2+4z^2+4xy+4yz=125 \\ x^2+3y^2-4z^2+4xy-4yz=75 \end{cases}$ системасынын бүтүн оң чечимин тапкыла

Чыгарылышы: Теңдемелерди кошуп жиберип $(x+2y)^2=100$, кемитип жиберип $(x+2z)^2=25$ алабыз. Мындан

$$x=4,8,12,\dots$$
$$y=2,4,6,\dots$$
$$z=1,2,3,\dots$$

13.Үч удаалаш бүтүн сандардын кубдарынын суммасы 9 ага бөлүнүшүн далилдегиле

Көрсөтмө: Математикалык индукция принцибин пайдалануу керек.

14. АВС үч бурчтугунда А бурчу В бурчунан эки эсе чоң. Берилген с жана в жактары боюнча а жагын тапкыла.

Чыгарылышы: $a=\sqrt{b^2+c}$

15. Жактары а, в,с болгон үч бурчтуктун ичине диаметри жагында жаткан жарым тегерек сызылган. Бул жарым тегеректин радиусун тапкыла.

Чыгарылышы: $x=\frac{2b}{a+b}$

16. $\frac{14n+3}{21n+4}$ бөлчөгү n дин ар кандай бүтүн маанисинде кыскарбас экендигин далилдегиле.

Көрсөтмө: Евклиддин алгортмасын же бөлүнүүчүлүктүн белгилерин пайдалангыла.

17. $\frac{a+b-x}{c}+\frac{a+c-x}{b}+\frac{b+c-x}{a}+\frac{4x}{a+b+c}=1$ теңдемесин чыгаргыла.

Чыгарылышы: $x=a+b+c$

9-класс

1. Бир чекитте кесилишкен үч сызык жана булардын бирөөндө жатуучу чекит берилген. Берилген чекит бир чокусу болгондой жана берилген түз сызыктар бийиктиги, медианасы жана биссектрисасы болгондой кылып үч бурчтук түзгүлө?

Көрсөтмө: Медианасы, биссектрисасы жана бийиктиги боюнча үч бурчтукту түзүүгө алып келинет.

2. Тегиздикте үч чекит берилген. Бул чекиттерде бири-бирин жанып өтүүчү үч айлананы түзгүлө?

Көрсөтмө: Жаныманын жана жандуу чекитине жүргүзүлгөн перпендикулярдын касиетинин негизинде түзүлөт.

3. Үч медианасы боюнча үч бурчтук түзгүлө?

Көрсөтмө: Параллелограммды түзүүгө алып келинет.

4. Шаты, жылмакай полу бар дубалга жөлөнүп турат да, анын негизи жылмакай пол боюнча жылат. Шатынын орто ченинде отурган кандай сызык боюнча кыймылда болот?

Чыгарылышы: Айлана боюнча кыймылда болот. Далилдөөнү аналитикалык жол менен дагы жүргүзүүгө болот.

5. $\begin{cases} \frac{x+y}{xy} + \frac{xy}{x+y} = a + \frac{1}{a} \\ \frac{x-y}{xy} + \frac{xy}{x-y} = c + \frac{1}{c} \end{cases}$

системасын чыгаргыла.

6. $x^2 - \frac{15}{4}x + a = 0$

тендемесинин тамырларынын бири экинчисинин квадраты болгондой кылып а ны аныктагыла?

7. $\frac{x^2}{3} + \frac{48}{x^2} = 10(\frac{x}{3} - \frac{4}{x})$

теңдемесин чыгаргыла

Чыгарылышы: $\frac{x}{3} - \frac{4}{x} = t$ деп алуу керек

8. 1+11+111+11 ... 11

Чыгарылышы: $\frac{9}{9}+\frac{99}{9}+\frac{999}{9}+\cdots+\frac{99\ldots9}{9}=\frac{1}{9}\left(\frac{10^{n+1}-10}{9}-n\right)$

11. $x^4-y^4-20x^2+20y^2=107$ теңдемесинин бүтүн чыгарыштарын тапкыла.

Чыгарылышы : берилген теңдеме төмөнкүдөй системага

$\begin{cases} x^2+y^2-24=1 \\ x^2-y^2+4=1 \end{cases}$ алып келинет.

12. 1, $\frac{1}{2}$, $\frac{1}{4}$, $\frac{1}{8}$,…, $\frac{1}{2^n}$,…

сандарынын ичинен суммасы $\frac{1}{5}$ ге барабар болгон чексиз геометриялык прогрессиянын тандап алууга болобу?

Жообу: Болбойт. Анткени S= $\frac{1}{2^e-1}$ эч качан $\frac{1}{5}$ ге барабар болбойт.

13. Ичтен сызылган төрт бурчтуктун аянты

S= $\sqrt{(p-a)(p-b)(p-c)(p-d)}$

барабар экендигин далилдегиле. Мында p төрт бурчтуктун периметри, a,b,c,d төрт бурчтуктун жактары.

Чыгарылышы : Аянттарды салыштыруунун негизинде далилденет.

14. Айлананын ичине тең капталдуу үч бурчтук жана трапеция сызылган. Трапециянын бир негизи айлананын диаметри болуп, ал эми каптал жактары, үч бурчтуктун жактарына параллелө болот. Үч бурчтук жана трапеция тең чондукта экендигин далилдегиле.

15. Мейкиндикте эч кандай эки тегиздик параллелө болбогондой жана үч тегиздик бир чекиттен өтпөгөндөй болуп төрт тегиздик жүргүзүлгөн. Мейкиндик бул тегиздиктер менен канча бөлүккө бөлүнгөн болот?

Жообу: 15 бөлүккө бөлүнөт.

16. Бир тегиздикке таандык болбогон төрт чекиттен бирдей алыстаган канча тегиздик жашайт?

Жообу: 7 тегиздик жүргүзүлөт.

17. Томпок көп грандыктардын жалпак бурчтарынын суммасы 4d(n-2) экендигин далилдегиле. Мында П- көп грандыктардын чокуларынын саны.

18. Кандайдыр бир төрт бурчтуктун жактары a,b,c,d берилди. Эгерде АС диагоналы бурчту тең экиге бөлсө, бул төрт бурчтукту түзгүлө.

19. Кайык жээктин эң жакын чекити А дан 3 км аралыкта турат. Кайыктагы пассажир А чекитинен 5 км аралыкта турган В кыштагына баруусу керек. Кайык саатына 4 км ылдамдык менен , ал эми пассажир кайыктан түшкөндөн кийин саатына 5 км ылдамдык менен жүрөт. Пассажир В кыштагына эң аз убакытта жетүү үчүн кайык жээктин кайсы чекитине барып токтошу керек?

Жообу: у= 1 км

№20. Берилген периметри 2р га барабар болгон тең капталдуу үч бурчтуктардын кайсынысы эң чоң аянтка ээ болот?

Жообу: Тең жактуу үч бурчтук

3§. 10-11-класстардын математикасы боюнча олимпиадалык маселелер жана алардын чыгарылыштары

10-класс

1. Ар биринде 60тан мүчөсү болгон эки удаалаштык берилген:

$$2, 7, 12, 17, 22\ldots$$

$$2, 5, 8, 11, 14, 17...$$

Биринчи жана экинчи удаалаштыктарга таандык болгон мүчөлөрдөн канчасы бар?

Жообу: $n = 11 + 1 = 12$ мүчөсү дал келет.

2. $3(5^{2n-1} + 3^{4n-5}) + 2^{3n}(2 - 2^{3n-6})$

түрүндөгү сан n дин ар кандай маанисинде 17 ге бөлүнүшүн далилдегиле.

Жообу: $15\left[(25)^n - 8^n\right] + 17 * 8^n + \left[81^{n-1} - 64^{n-1}\right]$

Бул 17 ге бөлүнөт, анткени $25 - 8 = 17$ жана $81 - 64 = 17$

3. $A_0x^n + A_1x^{n-1} + \cdots + A_{n-1}x + A_n$ көп мүчөсүн x-a көп мүчөсүнө бөлгөндө n-1-даража көрсөткүчтүү

$B_0x^{n-1} + B_1x^{n-2} + \cdots + B_{n-2}x + B_{n-1}$

түрүндөгү көп мүчө тийинди болуп, ал эми калдыкта кандайдыр бир R санын алабыз.

$B_0 = A_0,\ \ B_1 = B_0a + A_1,\ \ \ B_2 = B_1a + A_2,$

$B_3 = B_2a + A_3,\ \ \ \ldots\ \ \ B_{n-1} = B_{n-2}a + A_{n-1},$

экендигин көрсөткүлө.

4. $a^3 + \rho q + q = 0$

$b^3 + \rho q + q = 0$

$c^3 + \rho q + q = 0$

$((a \pm b) \neq c$ болсо, анда $a + b + c = 0$ экендигин далилдегиле.

5. (2^n) !саны 2^κ санына бүтүн бөлүнүш үчүн, κ саны кайсы сандан чоң эмес болуш керек?

Чыгаруу: $(2^n)!=(2^n)(2^n-1)(2^n-2)\ldots\cdot 3\cdot 2\cdot 1$ санынын көбөйткүчтөрүнүн жарымы жуп сандар.Демек, 2^{n-1} көбөйткүч бар.Алардын 2^{n-2} си 4-кө бөлүнөт; 2^{n-3} -си 8-ге бөлүнөт;..;2 көбөйткүч 2^{n-1} -ге бөлүнөт жана бир көбөйткүч- 2^n -ге бөлүнөт.Ошондуктан, (2^n)!сандын 2-ге барабар көбөйткүчүнүн даражасы

$2^{n-1}+2^{n-2}+\ldots+2+1=2^n-1$.

6. Чоӊ атанын кагаздарынын арасында

72 индюк *67,9* доллар

деп жазылган эсеп кагазы табылган.Мында индюктардын жалпы баасы көрсөтүлүп,ал баада биринчи жана акыркы цифралары көрүнбөй калгандыктан,ал цифралар жылдызча менен алмаштырылган.Ал көрүнбөй калган, цифраларды жана бир индюктун баасын тапкыла.

Чыгаруу:

Бир индюктун баасын табуу үчүн жалпы баа 72 ге бөлүнүшү керек.

Анда жалпы баа 8 менен 9 га бөлүнүшү керек. 2^k санынын бөлүнүүчүлүгүнүн касиети боюнча,79* саны 8 ге бөлүнүшү керек.Мындан жалпы бaанын акыркы цифрасы 2. 9 га бөлүнүүчүлүктүн касиети боюнча *6792 санынын цифраларынын суммасы 9 га бөлүнүшү керек.Анда жылдызчанын ордуна 3 турат.Демек жалпы баа 367,92 доллар.

Бир индюктун баасы: 367,92:72=5,11 доллар.

7. Эсептегиле:

$$\frac{2\cdot 2013}{1+\frac{1}{1+2}+\frac{1}{1+2+3}+\ldots+\frac{1}{1+2+3+\ldots+2013}}=$$

Чыгаруу:

Бөлчөктун бөлүмүнүн бөлүмдөрүндө турган арифметикалык прогрессиялардын суммаларын аныктап жана бөлчөктүн алымы менен бөлүмүн 2 ге бөлсөк,анда берилген сумма

$$\frac{2013}{\frac{1}{1\cdot 2}+\frac{1}{2\cdot 3}+\frac{1}{3\cdot 4}+\ldots+\frac{1}{2013\cdot 2014}}$$

болот.Эми $\dfrac{1}{\kappa\cdot(\kappa+1)}=\dfrac{1}{\kappa}-\dfrac{1}{\kappa+1}$ барабардыгын эске алсак,анда

$$\frac{2013}{\frac{1}{1\cdot 2}+\frac{1}{2\cdot 3}+\frac{1}{3\cdot 4}+\ldots+\frac{1}{2013\cdot 2014}}=\frac{2013}{1-\frac{1}{2}+\frac{1}{2}-\frac{1}{3}+\frac{1}{3}-\frac{1}{4}+\ldots+\frac{1}{2013}-\frac{1}{2014}}$$

болот. Мында,

